# • Жогорку Кеңеш

## ЖК депутаты Каныбек Осмоналиев Улуттук илимдер академиясынын Биотехнология институтунун жамааты менен жолугушту

**Жолугушууда институттун директору Асанкадыр Жунушов бул мекеменин жетишкендиктери жана алдыга коюлган максаттары тууралуу кенен маалымат берди.**

Азыркы учурда Биотехнология институт алты лабораториядан жана бир эксперимент жүргүзүүчү базадан турат. Учурда дүйнөдөгү ири биотехнология институттары менен карым-катнаш түзүп, 1,5 млн. АКШ долларга барабар инвестиция тарткан жана алардын жардамы менен заманбап жаңы жабдыктарды сатып алышкан. Маселен, Микробиология лабораториясы азыркы учурда республикадагы сүт азык ендүрүүчү жана тамак-аш өндүрүүчү ишканалар менен тыгыз иштеп, алардын товарларынын курамына анализ жүргүзүп келет. Бул лабораториянын жетекчиси Жүзүм Темирова дүкөндөн алынган кандай сүт болсо дагы аларды бир кайнатып ичүүнү сунуштады, анткени ал пастеризация болгону менен курамынан вирустардын көп түрү кездешип жаткандыгын айтты.

"Мисалы сатыктагы эң таза делген сүттөн диплокок вирусу кездешип жатат", - деди.

Комитет төрагасы К.Осмоналиевди Генетика лабораториясындагы Кыргыз-Тоо меринос уяң жүндүү койлордун тукумун көбөйтүүнүн үстүндө иштеп келе жаткан кызматкерлердин иштери кызыктырды. Бул тукумдагы койлор 1996-жылдары атайын Австралиядан алынып келген. Алардын генетикасын биздин шартка ылайыктап, Кыргыз-Тоо меринос койлору кылып өзгөртүшкөндүгүн айтышты. Булардын жүнү азыркы учурда дүйнөдөгү эң таза деген 19 микрондогу жүнгө барабардыгын институттун директору А.Жунушов маалымдады. Депутат К.Осмоналиев бул тармакка мамлекет көңүл бурса мал чарбачылыгында абдан чоң өсүш болоорун жана малчыларыбызга да чоң жардам тийерин баса белгилеп, Жогорку Кеңештен бул маселени көтөрүп чыгаарын айтты.

**Жогорку Кеңештин басма сөз кызматы**

# • ЖОЖ жаңылыктары

## Ак эмгектин үзүрү

**Манас-Ордо генералдык дирекциясы жана Талас облустук башкармалыгы "Манас" университетинин окумуштууларынын эмгегин баалап, гуманитардык факультетинин профессору Кубатбек Табалдиевди "Манас Коомдук академиясынын академиги" күбөлүгү жана Чет тилдер жогорку мектебинин мүдүрү, түркolog Таалайбек Абдиевди "Айкөл-Манас" медалы менен сыйлады.**

2012-жылдан бери Кубатбек Табалдиев жана Таалайбек Абдиев "Манас-Ордо" музей-комплекси менен илимий-усулдук жардам берүү максатында кызматташып келишет. Натыйжада "Манас-Ордонун" фондундагы археологиялык табылгалар хронологиялык жактан иретке келтирилип музейге жайгаштырылган.

"Кыргызстандын жер-жерлериндеги айылдык мектептерде, район борборлорунда музейлер түзүлөт. Бирок ал музейлер эски буюм сактоочу кампа катары гана кабыл алынып жаткан учурлар жок эмес. Ушул жагынан алганда түзүлгөн жергиликтүү музейлер адис окумуштуулардын усулдук жактан колдоосуна муктаж. Мисалы, Таластагы "Манас-Ордо" музей комплекси ушундай усулдук колдоого муктаж болуп келген. Талас жергеси, байыркы кыргыз, түрк жазууларынын үлгүлөрү табылган жер болгондуктан, "Манас-Ордо" музейинин бир бөлмөсүнө кыргыз-түрк жазууларына арналган көргөзмө ачуу сунушталып ишке ашты. Учурда ал музей жергиликтүү жана чет мамлекеттен келген меймандар үчүн эл-жер тарыхы, маданияты боюнча толук кандуу маалымат алуучу жерге айланды", - дейт Кубатбек Табалдиев.

## Социологдор үчүн конференция өтөт

**Экономикалык өнүгүү жылына карата "Социалдык биригүү мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүү платформасы катарында" аттуу эл аралык илимий-практикалык конференция 23-24-апрелде Бишкек гуманитардык университетинде өттү.**

Конференциянын максаты кыргыз коомчулугунун социалдык биригүүсүнүн түзүлүшү жана бекемделиши, Кыргызстандын социалдык-экономикалык маселелерин чечүүнүн оптималдуу жолдорун табууда теориялык-методологиялык жана практикалык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Иш-чарада республикада социология илиминин өнүгүшү, чет мамлекеттер, окуу жайлар, академиялык, илимий жана эксперттик коомчулук менен бул тармакта иштешүү сыяктуу маселелер каралат.

## Алыкулга арналган конференция өттү

**Ош мамлекеттик юридикалык институтунда дүйнөлүк эне тил күнүнө карата улуу акын Алыкул Осмоновдун 100 жылдыгына арналган «Алыкул - Кыргыздын жылдызы» аттуу илимий конференция болуп өтөт.**

Иш-чарага окутуучулар, студенттер жана акын, жазуучулар катышты. Окуу жайдын ректору Эгемберди Токторов өз сөзүндө акындын поэзия дүйнөсүндөгү өзгөчөлөнгөн ордуна токтолуп, бир катар баалуу маалыматтарды айтып берди. Ал эми Кыргыз Республикасынын Маданиятына эмгек сиңирген ишмер, акын Тазагүл Закирова Алыкул Осмоновдун ырларындагы лирикасына басым жасап, анын ырларын жатка айтуу менен тематикалык мазмундуулугун баяндап берди. Төкмө акын Шамырбек Тургунбаев Алыкулдун өмүрү кыска болгону менен кыргыз поэзиясына түбөлүктүү байлык калтырып кеткендигин жандуу ырдап, катышуучуларга майрамдык маанай тартуулады. «Кыргыз Туусу» газетасынын кабарчысы Жыпар Акунова акынга арнап жазган ырларын окуп берди.

Акындын өмүрү жана чыгармачылык жолу боюнча баяндама жасаган окуу жайдын окутуучулары Алыкулдун тематикага бай, мазмундуу ырлары терең тарбиялык мааниси бар экендигин баса белгилеп өтүштү.

**Чолпон КИЙИЗБАЕВА, "Кутбилим"**

"Нитбелим" № 8 2015-ж. 27-февраль